**ОшМУнун Табият таануу жана география факультетинин №4 Окумуштуулар кеңешинин протоколу**

26.11.2020

Ош шаары, ,
ТТГФ нин окуу залы, 208-аудитория

**Катышты:**

Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү - 27
Катышканы – 22
Себептүү катышпаганы – 5 (on-line)
Себепсиз катышпаганы – жок

**Күн тартибинде:**

1. Аккредитациядан өтүүчү программалардын аккредитациялык агенттиктер тарабынан берилген критерийлерге (стандарттарга) даярдыгынын абалы, 520100 Химия, 620001 Колдонмо геодезия, 610001 Ветеринария (Программа жетекчилери).

2. Табият таануу жана география факультетиндеги гуманитардык, социалдык, экономикалык, математикалык жана табигый дисциплиналардын ОМКнын абалын талдоо ( Комиссия, усулдук кеңештин төрайымы, улук окутуучу Зулушова А.Т.).

3. Табият таануу жана география факультетинин магистратура бөлүмүндөгү программаларда практикалардын абалы ( Доцент Молдалиев Ж.Т.).
4. Табият таануу жана география факультетинин студенттеринин 1-модулду тапшыруунун жыйынтыктарынын анализи ( Окуу иштери боюнча декандын орун басары Стамалиев К.).
5. Ар түрдүү маселелер

**Угулду:**

**1. Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, Табият таануу жана география факультетинин деканы, профессор Низамиев А.Г.:** Окумуштуулар кеңешинин 27 курамынын ичинен 22 мүчө катышып жатат. Демек, кворум бар. Окумуштуулар кеңешин баштоого добуш бериңиздер.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы:

Макул – 22;
Каршы – жок;
Калыс – жок.

Рахмат! Урматтуу коллегалар, бүгүнкү кеңешмени баштаардын алдын сиздерге факультеттин окутуучуларынын сыйлыктары менен тааныштырып өтсөм. Биринчиден, баарыңыздарды илим күнү менен куттуктайм, баарыңыздарга чыгармачылык ийгиликтерди каалайм. Мына ушул иш чарага байланыштуу, биздин ПОК да илимден артта калбастан, Илим күнүнө карата уюштурулган иш чарада өздөрүнүн илимий потенциалын көрсөттү. НААР критерийи боюнча макалалар чыккан. ОшМУнун 10 тобуна кирген окутуучулар: б.и.д., профессор Т.Т.Жумабаева, б.и.к., доцент Ж.Т. Молдалиев болду. Ал эми "Мыкты монография" конкурсунда г.и.д., профессор А.Г. Низамиев 3чү орунга ээ болду. А.Абдурасулов агайыбыз (Web of science) 25000 сомдук сертификат менен сыйланды. Х.и.д., профессор Д.Т. Алтыбаева жана б.и.к., доцент К.Ш. Аттокуров агайларыбыз патент үчүн сыйлык алышты. Алган сыйлыгыңыздар кут болсун, урматтуу

коллегалар. Анда эмесе, күн тартибинде коюлган **1чи маселе боюнча** сөз кезегин программа жетекчилерине берсек.

**Талкуу:** т.и.к., доцент И.Полотов, п.и.к., доцент Д.Эмилбекова, г.и.к., доцент К.Самиев, г.и.к, доцент З.Шербаева, б.и.к., доцент А.Абдыкааров, б.и.к., доцент Р.Муратова чыгып сүйлөшүп, НББП жетекчилерин кайрадан башка өзгөртүп түзөлү деген сунушту айтышты. 520100 Химия багыты боюнча НББП жетекчи болуп х.и.к., доцент К.Сапаров агай, 620001 Колдонмо геодезия боюнча т.и.к., доцент Д.Абжапарова, 610001 Ветеринария боюнча б.и.к., доцент Р.Муратова дайындалсын.

**Улук окутуучу А.Т. Зулушова**: ар бир аткарган иш-чараларыңыздын протоколу болсун жана бири-бирине дал келсин. Бул иштерде 3 жылдык иш каралат, өзгөргөнү боюнча. Сапат департаменти тарабынан берилген иш кагаздарга көңүл буруңуздар.Семинарларга катышкыла.

**Г.и.к., доцент К.Т. Самиев**: НББПдагы окутуу натыйжалары, анкеталар керек. Аралыктан өткөндүктөн, сайтка көңүл бөлөлү. Ар бир аткарган ишти сайтка жайгаштырала, бул даяр далилдөө жана документ болуп саналат. Эксперттер сайт боюнча анализ жүргүзөт. Сайтты толуктагыла. Жумушчу топтун курамына эң мыкты окуган, эки тилде эркин сүйлөгөн студентти да киргизгиле.

**Талкуу:** Х. и. д., профессор Д. Т. Алтыбаева, т. и. д., профессор М. Д. Абдуллаева, х. и. к., доцент Сапаров К. К., т. и. к., доцент Полотов И. Ж. сөзгө чыгышып, 520100-Химия багытындагы химиялык-экологиялык криминалистикалык экспертиза профили боюнча түзүлгөн НББПсынын максаттарын кабыл алуу жана окутуунун натыйжаларын 10 дон 8 ге кыскартуу керектиги, ошондой эле кесиптик кошумча компетенцияга (ККК – 1 - 5) киргизүү зарыл экендигин баса белгилеп өтүштү.

**Төрага:** Алымча, кошумча, толуктоо керек болсо толуктагыла, сайт аркылуу сиздерге баа берилет. Арыз, сунуш, рапорттор болсо тездеткиле**. 2-маселе боюнча** Табият таануу жана география факультетинин усулдук кеңешинин төрайымы, улук окутуучу А.Т.Зулушовага сөз беребиз.

**Талкуу:** усулдук кеңештин төрайымы, **улук окутуучу А.Т.Зулушова:** урматтуу коллегалар, видео сабактар, омк лар өз убагында АВНге жана Келбилге жүктөлсүн. Дене тарбия кафедрасында быйылкы окуу жылда 4 окутуучу келген, ботаника кафедрасында эң жаш окутуучунун эмгек стажы 20 жыл. Жаш окутуучуларга усулдук жактан көмөк көрсөтөлү. Кафедранын усулдук кеңешинин төрайымдары ачык сабактын графигин бериңиздер. Мүмкүн болсо, ачык сабактарды онлайн түрдө болсо да өтүңүздөр.

**Ага окутуучу Кулуев Б:** быйылкы окуу жылда биздин кафедрага 4 окутуучу келди. ОМКлары даяр, бүткөн, бирок пароль ала элек, берсе эле жүктөшөт. Башка окуу жайларга үлгү катарында сабактарды 3 тилде өтүп жатышат. Кадимки эле телефондо видео сабактарды жасадык, сайтка жүктөдүк, жакшы комментарийлер берилди.

**Төрага**: Табият таануу жана география факультетиндеги гуманитардык, социалдык, экономикалык, математикалык жана табигый дисциплиналардын ОМКнын абалын талдоо боюнча улук окутуучу А.Т. Зулушованын билдирүүсүн канааттандыраарлык деп кабыл алалы. Сөз кезегин күн тартибинде коюлган **3чү маселе** табият таануу жана география факультетинин магистратура бөлүмүндөгү программаларда практикалардын абалы боюнча **б.и.к., доцент Ж.Т. Молдалиевге** берели.

**Талкуу**: б.и.к., доцент Ж.Т. Молдалиев: Урматтуу коллегалар, ар бир аткарган

ишти сүрөткө тартып, протоколдоштуруп тактап коюңуздар. Күндөлүктөр бекер берилет. Биз ошонун үстүндө иштеп жатабыз. 09.12.2020 конференция болот. Магистрлер онлайн катышса болот. Кагаз ишине так бололу, аккредитациядан өткөндө пайдасы тиет.

**Х.и.к., доцент К.Сапаров**: Конференция өткөрүү боюнча жарыя берилгенби?

**Г.и.к., доцент К.Самиев:** доклад окуса макала болуп эсептелеби?

**Б.и.к., доцент Ж. Молдалдиев**: эң мыкты макала болсо журналдарга басмага берилет.

**Төрага:** Эгерде магистр контрагын төлөгөн болсо проблема жаратпай, жардам бергиле. Сабакты өз убагында өткүлө, конкуренттер пайда болду. Рахмат, 1чи, 2чи, 3чү маселе боюнча сөз жок болсо, анда **4чү маселе боюнча** сөз декандын окуу иштери боюнча орун басары, **б.и.к., доцент К.Ы.Стамалиевге** берилет.

**Талкуу:** Табият таануу жана география факультетинин студенттеринин 1-модулду тапшыруунун жыйынтыктарынын анализи канааттандыраарлык. Сабактардын өтүлүшү боюнча ректорго арыздар түшкөн. Сиздерден сураныч, сабактарды эптемей өтпөстөн, сапаттуу демонстрация жасап өтөлү. Студенттердин сабакка катышуусун эске алалы, катуу талап койбогула. Пандемияга байланыштуу, 3 жолу эскертүү берип, факт менен гана окуудан четтетилет.

**Т.и.к., доцент И.Полотов:** Өзбекстандык студенттер контракт төлөп, бизге инвестиция алып келүүдө, документтерди так жасайлы, жардам берели. Мобилдүүлүк боюнча келген студенттерге да көңүл буралы.

**Б.и.к., доцент К.Ы.Стамалиев**: Ооба, урматтуу коллегалар, мүмкүн болсо сабактын сапатына көңүл буралы. Онлайн мезгилде шартка байланыштуу, бир жолу байланышка чыкса да модулда жардам берели( 1чи модулдун жыйынтыгы тиркелет).

**Төрага:** Рахмат, сиздерге. Анда эмесе ар түрдүү маселелерге сөз кезегин берели.

**5. Ар түрдүү маселелер**

**5.1. Ботаника, жалпы биологиялык дисциплиналар жана БОУ кафедрасынын аспиранты Ж.Эргешованын отчетун талкуулоо**

**Угулду:**

**Төрага:** Г.и.д., профессор А. Г. Низамиев ботаника, жалпы биологиялык дисциплиналар жана БОУ кафедрасынын аспиранты Ж.Эргешованын "Өспүрүмдөрдүн физиологиялык өзгөчөлүктөрүнө жараша биологиялык түшүнүктөрдү калыптандыруу" деген темада изилдеп жаткан иштери боюнча жазылган отчет менен тааныштырып билдирүү жасады (кафедранын кеңешмесинин токтомунан көчүрмө жана аспиранттын отчету тиркелет). Илимий жетекчиси б.и.д., профессор Т.Т. Жумабаева. Кимде кандай сунуштар бар?

**Талкуу:**

Х.и.д., профессор Д.Т. Алтыбаева, б.и.к., доцент Р. Муратова, б.и.к., доцент Ж. Молдалиев сөзгө чыгышып, ботаника, жалпы биологиялык дисциплиналар жана БОУ кафедрасынын аспиранты Ж.Эргешованын "Өспүрүмдөрдүн физиологиялык өзгөчөлүктөрүнө жараша биологиялык түшүнүктөрдү калыптандыруу" деген темада изилдеп жаткан иштери боюнча жазылган отчет менен таанышып, теманын актуалдуулугу жана жаңылыгы эске алынуусун эскертип, колго салууга сунуш кылышты.

**Төрага:** Жогорудагы айтылган ой пикирлерге макулмун деген мүчөлөр добуш бериңиздер.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы:
«Макул» – 22;
«Каршы» – жок;
«Калыс» – жок.
Рахмат.

**5.2. "Ботаника, ЖБД жана БОУ" кафедрасынын профессору Т. Т. Жумабаеваны штаттык жана ваканттык орундарга сунуштоо боюнча шайлоо өткөрүү**

**Угулду:**

**Төрага:** ."Ботаника, жалпы биологиялык дисциплиналар жана биологияны окутуунун усулу" кафедрасынын профессору Т. Т. Жумабаеваны профессордук кызмат ордуна конкурстук шайлоодон өткөрүү боюнча билдирүү жасады (кафедранын кеңешмесинин токтомунан көчүрмөсү тиркелет) Кимде кандай сунуштар бар?

**Талкуу:**

Х. и. д., профессор Алтыбаева Д. Т., г. и. д., профессор А. Г. Низамиев, т. и. к., доцент И. Полотов, п. и. к., доцент Д. А. Эмилбекова сөзгө чыгышып, ."Ботаника, ЖБД жана БОУ" кафедрасынын профессору Т. Т. Жумабаеванын илимдеги алган ордун, ийгиликтерин эске алып, профессордук – окутуучулук курамдын арасындагы абройун, жасаган эмгектерин баса белгилеп, профессордук кызмат орунга конкурстук шайлоодон өтүүгө татыктуу экендигин айтып өтүштү.

**Төрага:** Конкурстук шайлоодон өтүүгө татыктуу, макулмун деген мүчөлөр добуш бериңиздер.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы:
«Макул» – 22;
«Каршы» – жок;
«Калыс» – жок.
Рахмат.

**5.3. "Зоология жана экология" кафедрасынын доценти Н. А. Көчкөнбаеваны штаттык жана ваканттык орундарга сунуштоо боюнча шайлоо өткөрүү**

**Угулду:**

**Төрага:** "Зоология жана экология" кафедрасынын доценти Н. А. Көчкөнбаеваны доценттик кызмат ордуна конкурстук шайлоодон өткөрүү боюнча билдирүү жасады (кафедранын кеңешмесинин токтомунан көчүрмөсү тиркелет) Кимде кандай сунуштар бар?

**Талкуу:**

П. и. к., доцент Д. А. Эмилбекова, х. и. к., доцент А. Сүйүнбекова, г. и. к., доцент К. Т. Самиев сөзгө чыгышып, "Зоология жана экология" кафедрасынын доценти Н. А. Көчкөнбаеванын илимий иштерди аткаруудагы ийгиликтерин баса белгилеп, коомдук иштерге активдүү катышкандыгын эске алып, доценттик кызмат орунга конкурстук шайлоодон өтүүгө татыктуу экендигин айтып өтүштү.

**Төрага:** Конкурстук шайлоодон өтүүгө татыктуу, макулмун деген мүчөлөр добуш бериңиздер.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы:

«Макул» – 22;

«Каршы» – жок;

«Калыс» – жок.

Рахмат.

**5.4. "Зоология жана экология" кафедрасынын доценти Б. А. Каримовду штаттык жана вакансттык орундарга сунуштоо боюнча шайлоо өткөрүү**

**Угулду:**

**Төрага:** "Зоология жана экология" кафедрасынын доценти Б. А. Каримовду доценттик кызмат ордуна конкурстук шайлоодон өткөрүү боюнча билдирүү жасады (кафедранын кеңешмесинин токтомунан көчүрмөсү тиркелет) Кимде кандай сунуштар бар?

**Талкуу:**

Б. и. к., доцент Р. Муратова, т. и. к., доцент И. Полотов, б. и. к., доцент Ж. Т. Молдалиев, г. и. к., доцент К. Т. Самиев сөзгө чыгышып, "Зоология жана экология" кафедрасынын доценти Б. А. Каримовдун факультеттеги абройун, илимий эмгектерди жаратуудагы ийгиликтерин баса белгилеп, коомдук иштерге активдүү катышкандыгын эске алып, доценттик кызмат орунга конкурстук шайлоодон өтүүгө татыктуу экендигин айтып өтүштү.

**Төрага:** Конкурстук шайлоодон өтүүгө татыктуу, макулмун деген мүчөлөр добуш бериңиздер.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы:

«Макул» – 21;

«Каршы» – 1;

«Калыс» – жок.

Рахмат.

**5.5. ТТГФнин декандын тарбия иштери боюнча орун басары, окутуучу Ж.Султановдун билдирүүсү.**

**Угулду:**

ТТГФинде ноябрь айында илим, маданият, искусство айына карата илимдин докторлору менен жолугушуу болду, акыл таймаш өткөрүлдү, студенттер арасында поэзия кечеси болду. 100дөн ашык студенттер кирип, калгандары кире албады.

**Талкуу:**

**Окутуучу Ж.Султанов** : Тилекке каршы, ветеринария жана геодезия адистиги боюнча илимдин докторлору же белгилүү инсандар менен жолугушуу уюштурулган жок. Мүмкүн болсо, бош убакыт таап өткөрүп бересеңиздер.

**5.6.** "Физикалык география, колдонмо геодезия жана ТТК" кафедрасынын улук окутуучусу Зулушова Акылбү Токторалиевнанын 13.00.02 – (география) окутуунун жана тарбиялоонун методикасы жана теориясы жана 25.00.23 – физикалык география жана

биогеография, топурактын географиясы жана ландшафттын геохимиясы багыты боюнча "География сабагында экологиялык тарбия берүүнүн усулдары" аттуу кандидаттык диссертациянын мурдагы бекитилген темасын жана шифрин төмөндөгүдөй формулировкалоо: 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы шифри боюнча "География сабагында экологиялык тарбия берүүнүн методикасы (орто кесиптик билим берүүнүн мисалында)". Илимий жетекчиси катары педагогика илимдеринин доктору, профессор Д. Б. Бабаевди (13.00.01, 13.00.02) калтыруу.

**Угулду:**

**Төрага:** "Физикалык география, колдонмо геодезия жана ТТК" кафедрасынын улук окутуучусу Зулушова Акылбү Токторалиевнанын 13.00.02 – (география) окутуунун жана тарбиялоонун методикасы жана теориясы жана 25.00.23 – физикалык география жана биогеография, топурактын географиясы жана ландшафттын геохимиясы багыты боюнча "География сабагында экологиялык тарбия берүүнүн усулдары" аттуу кандидаттык диссертациянын мурдагы бекитилген темасын жана шифрин төмөндөгүдөй формулировкалоо: 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы шифри боюнча "География сабагында экологиялык тарбия берүүнүн методикасы (орто кесиптик билим берүүнүн мисалында)". Илимий жетекчиси катары педагогика илимдеринин доктору, профессор Д. Б. Бабаевди (13.00.01, 13.00.02) калтыруу боюнча билдирүү жасады (кафедранын кеңешмесинин токтомунан көчүрмөсү тиркелет) Кимде кандай сунуштар бар?

**Талкуу:**

Г. и. д., профессор К. М. Матикеев, п. и. к., доцент Д. А. Эмилбекова , г. и. к., доцент З.Э.Шербаева, г. и. к., доцент К. Т. Самиев сөзгө чыгышып, "Физикалык география, колдонмо геодезия жана ТТК" кафедрасынын улук окутуучусу Зулушова Акылбү Токторалиевнанын кандидаттык диссертациясынын мурдагы бекитилген темасын жана шифрин жогорудагыдай тартипте формулировкалоо зарыл экендигин айтып өтүштү.

**Төрага:** "Физикалык география, колдонмо геодезия жана ТТК" кафедрасынын улук окутуучусу Зулушова Акылбү Токторалиевнанын кандидаттык диссертациясынын мурдагы бекитилген темасын жана шифрин жогорудагыдай тартипте формулировкалоого макулмун деген мүчөлөр добуш бериңиздер.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы:

«Макул» – 22;

«Каршы» – жок;

«Калыс» – жок.

Рахмат.

**Төрага:** Рахмат. Коомдук иштерге да көңүл буралы, урматтуу коллегалар. Жогорудагы айтылган ой пикирлерге макулмун деген мүчөлөр добуш бериңиздер.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы:

«Макул» – 22;

«Каршы» – жок;

«Калыс» – жок.

Рахмат.

Анда эмесе токтом менен тааныштырууга уруксат берүүңүздөрдү суранам.

## ТОКТОМ:

1.Аккредитациядан өтүүчү программалардын аккредитациялык агенттиктер тарабынан берилген критерийлерге (стандарттарга) даярдыгынын абалы канааттандыраарлык деп кабыл алынсын. НББП жетекчилери кайрадан өзгөртүлүп , 520100 Химияга х.и.к., доцент К.К.Сапаров, 620001 Колдонмо геодезияга т.и.к., доцент Д.А.Абжапарова, 610001 Ветеринария га программа жетекчи болуп б.и.к., доцент Р.Муратова дайындалсын.

2.520100-Химия багытындагы химиялык-экологиялык криминалистикалык экспертиза профили боюнча түзүлгөн НББПсынын максаттары сунуш-пикирлерди эске алуу менен кабыл алынсын, окутуунун натыйжалары 10 дон 8 ге кыскартылсын.

3.520100-Химия багытындагы химиялык-экологиялык криминалистикалык экспертиза профили боюнча түзүлгөн НББПсында калыптандыруучу кесиптик кошумча компетенциялар (ККК-1-5) киргизилсин.

4.Табият таануу жана география факультетиндеги гуманитардык, социалдык, экономикалык, математикалык жана табигый дисциплиналардын ОМКнын абалын талдоо боюнча усулдук кеңештин төрайымы, улук окутуучу А.Т.Зулушованын билдирүүсү канааттандыраарлык деп кабыл алынсын.

5. Табият таануу жана география факультетинин магистратура бөлүмүндөгү программаларда практикалардын абалы боюнча б.и.к., доцент Ж.Т.Молдалиевдин билдирүүсү канааттандыраарлык деп кабыл алынсын.

6. Табият таануу жана география факультетинин студенттеринин 1-модулду тапшыруунун жыйынтыктарынын анализи боюнча декандын окуу иштери боюнча орун басары, б.и.к., доцент К.Ы.Стамалиевдин билдирүүсү канааттандыраарлык деп кабыл алынсын.

7.Ош Мамлекеттик Университетинин Окумуштуулар Кеңешинин курамынын вакантык бош кызмат орунга сунуштоо үчүн табият таануу жана география факультетинде өткөрүлгөн шайлоо боюнча эсептөө комиссиясынын төрайымы болуп х.и.к.,доцент А.Сүйүнбекова, катчысы б.и.к., доцент Ж.Т.Молдалиев, мүчөсү Ж.М.Султанов дайындалсын.

8.1 Ботаника, жалпы биологиялык дисциплиналар жана БОУ кафедрасынын аспиранты Ж.Эргешованын "Өспүрүмдөрдүн физиологиялык өзгөчөлүктөрүнө жараша биологиялык түшүнүктөрдү калыптандыруу" деген темадагы отчетун талкуулоо канааттандыраарлык деп кабыл алынсын.

8.2. Табият таануу жана география факультетинин Окумуштуулар кеңешинин токтомун карап берүү жагы ОшМУнун Аспирантура бөлүмүнө сунушталсын.

8.3."Ботаника, ЖБД жана БОУ" кафедрасынын профессору Т. Т. Жумабаеваны штаттык жана вакантык орундарга сунуштоо боюнча шайлоо өткөрүүнүн жыйынтыгы канааттандыраарлык деп кабыл алынсын.

8.4."Ботаника, ЖБД жана БОУ" кафедрасынын профессору Т. Т. Жумабаева профессордук кызмат ордуна дайындалсын. Макул – 22, Каршы – жок, Калыс – Жок.

8.5. "Зоология жана экология" кафедрасынын доценти Н. А. Көчкөнбаеваны штаттык

жана вакантттык орундарга сунуштоо боюнча шайлоо өткөрүүнүн жыйынтыгы канааттандыраарлык деп кабыл алынсын.

8.6. "Зоология жана экология" кафедрасынын доценти Н. А. Көчкөнбаева доценттик кызмат ордуна дайындалсын. Макул – 22, Каршы – жок, Калыс – Жок.

8.7. "Зоология жана экология" кафедрасынын доценти Б. А. Каримовду штаттык жана вакантттык орундарга сунуштоо боюнча шайлоо өткөрүүнүн жыйынтыгы канааттандыраарлык деп кабыл алынсын.

8.8. "Зоология жана экология" кафедрасынын доценти Б. А. Каримов доценттик кызмат ордуна дайындалсын. Макул – 21, Каршы – 1, Калыс – Жок.

8.9."Физикалык география, колдонмо геодезия жана ТТК" кафедрасынын улук окутуучусу Зулушова Акылбү Токторалиевнанын 13.00.02 – (география) окутуунун жана тарбиялоонун методикасы жана теориясы жана 25.00.23 – физикалык география жана биогеография, топурактын географиясы жана ландшафттын геохимиясы багыты боюнча "География сабагында экологиялык тарбия берүүнүн усулдары" аттуу кандидаттык диссертациянын мурдагы бекитилген темасы жана шифри төмөндөгүдөй формулировкалансын: 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы шифри боюнча "География сабагында экологиялык тарбия берүүнүн методикасы (орто кесиптик билим берүүнүн мисалында)". Илимий жетекчиси катары педагогика илимдеринин доктору, профессор Бабаев Д. Б. (13.00.01, 13.00.02) калтырылсын.

8.10.Табият таануу жана география факультетинин Окумуштуулар кеңешинин токтомун бекитип берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.

**Төрага:** Токтомго добуш берүүнүн жыйынтыгы:
«Макул» – 22;
«Каршы» – жок;
«Калыс» – жок.

Табият таануу жана география факультетинин
Окумуштуулар кеңешинин төрагасы,
г. и. д., профессор: Низамиев А. Г.

Окумуштуу катчы, улук окутуучу: Шерматова Ж. Т.